# Сырдык сөздөр



Мугалим: Рыскелдиева Атыркүл Зарылыковна

# Сабактагы максатыбыз:

- Ичке сезимди билдирген сырдык сөздөр жөнүндө түшүнүк алабыз. Сырдык сөздөргө мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү (ички сезим жана эрктик маанини берүүдөгү эмоционалдык-экспрессивдүүлүк) ажырата билебиз.
- Башка сөздөрдөн маанисин айырмалай алууга машыгабыз.



# Текстти окуйбуз

Маймулов боз үйдөн чыккан Зулайканы кылыктана чакырды.

- Зулайка, мобу сенин портретиңди тарттым, -деди Маймулов сүрөттү кызга каратып.

- Ырахмат,-деди Зулайка сүрөткө кызыга карады.

- Иий, жакшы тартыптыр,- деди үйдөн чыккан Зулайканын апасы Бурул. Айдар, сен сыначы? Айдар сүрөттү жактырган жок.

-Алда, байкуш ай, -деп чуйтуңдады Зулайка.

Аңгыча Апийим сүрөттү жактырбай карап:

- Оо, жашасын Маймулов ! Ура, жолдоштор!- деп эки колун көтөрдү. Фу, чынын айтсам, муну мен деле тартмакмын.

- Алда кудай, ий!- деди Зулайка.

Дал ушул кезде короодогу иттер айылды түп көтөрө ызы-чуу түшүрүп, маңдайдагы бетти карай чуркашты. Балдар айылдын иттерин айгакташты.

- Оо, Жолборс! Ал! Оо, туфайт! Ал! Ал!

- Ай, Балтек, айдайт!

- Айдайт, Киреше! Ал! –дешти.



# Текстти окуйбуз. Байкоо жүргүзөбүз.

Маймулов боз үйдөн чыккан Зулайканы кылыктана чакырды.

- Зулайка мобу сенин портретиңди тарттым, -деди Маймулов сүрөттү кызга каратып.

- Ырахмат,-деди Зулайка сүрөткө кызыга карады.

- Ийй, жакшы тартыптыр,- деди үйдөн чыккан Зулайканын апасы Бурул. Айдар, сен сыначы? Айдар сүрөттү жактырган жок.

-Алда, байкуш ай, -деп чуйтуңдады Зулайка.

Аңгыча Апийим сүрөттү жактырбай карап:

- Оо, жашасын Маймулов ! Ура, жолдоштор!- деп эки колун көтөрдү. Фу, чынын айтсам, муну мен деле тартмакмын.

- Алда кудай, ий!- деди Зулайка.

Дал ушул кезде короодогу иттер айылды түп көтөрө ызы-чуу түшүрүп, маңдайдагы бетти карай чуркашты. Балдар айылдын иттерин айгакташты.

- Оо, Жолборс! Ал! Оо, туфайт! Ал! Ал!

- Ай, Балтек, айдайт!

- Айдайт, Киреше! Ал! –дешти.

# Анда эмесе, эс алсак. Ким көп балык кармайт?



Сөздөрдү окуп көргүлөчү. Эгерде өзүбүз сүрөттөгү жаныбарлардын ордунда болсок, кандай сөздөрдү айтат элеңер?


Сүйлөм түзөбүз
Балык кармайбыз
пай-пай
ай-ий
ой
и-и
охо
кокуй
бали

Сырдык сөз эмне экендигине токтолобуз.

# Сырдык сөздөр

**Сырдык сөздөр-** адамдын ички сезимдерин жана айбанатка карата болгон эрктик мамилесин билдирет.

**Сырдык сөздөрдүн башка сөз түркүмдөрүнөн айырмачылыгы**

Лексикалык маанилик жактан адамдын түрдүү эмоционалдык сезимдерин ( кубануу, өкүнүү, таң калуу ж.б) билдирет.
Мисалы: Бах, бүгүн күн кандай керемет!
Дыр-р, токто, Керкашка.

Морфологиялык жактан сырдык сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөр уланбайт. Айрым учурда сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланат.
Мисалы: Ой тобо, ушундай да болот экен ээ.
Ырлары укмуш эмес беле, чиркиндин!

Сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт.
Мисалы: Кокуй, биз концерттен кечигип калыптырбыз.
Пай-пай! Үйүнду келтире салыптырсын!

# Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

**Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр**

Сүйлөөчүнүн ар түрдүү ички сезимин, анын айлана-чөйрөгө, тыңдоочусунун кыймылына, сөзүнө карата болгон мамилесин билдирет.

**Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр**

Сүйлөөчүнүн кеби кимди көздөй айтылгандыгына жараша эрктик мамилени билдирет.

Алар 2 топко бөлүнөт:

1.Адамга карата айтылуучу эрктик сырдык сөздөр.

2. Адамдын айбанатка карата болгон эрктик мамиледе айтылуучу сырдык сөздөр.

**Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр**

Адамдын турмуш-тиричилигинде, ар кандай шарттарда (коштошуу, учурашууда, жооп берүү, ал –абал суроо, көрүшүү, ыраазы болуу, канааттануу) колдонулат.

Мисалы: Бах, көлдүн чалкып жатканын карачы!

Мисалы: Тек, ушундай адатыңды токтотчу!
Так-так! Токто, Чабдарым.

Мисалы: Кудай жалгагыр, келип калганың жакшы болду.



# Боштуктарга ылайыктуу сырдык сөздөрду жайгаштырабыз.

1. *___, керекке жарайт бекем?*
2. *____, эл билбейби!*
3. *___, сөйкөнбөй эшикке чык!*
4. ***_____ !*** Биздин Санжар кадимки эле чоң жигит болгон турбайбы.
5. ____, _____,____, жүрөгү кургур жарылып кетебиз.

- ***( мыш, ии, ботом,*** **арыбагыла, айланайындар! өх,** ***ойбой)***



# Боштуктарга ылайыктуу сырдык сөздөрдү жайгаштырабыз.

***1. Ии, керекке жарайт бекем?***


***2. Ботом, эл билбейби!***

***3. Мыш, бутка сөйкөнбөй эшикке  чык!***

***4. Ойбой!*** Биздин Санжар кадимки эле чоң жигит болгон турбайбы.

5. **Арыбагыла, айланайындар! Өх,** жүрөгү кургур жарылып кетебиз.

Демек, балдар, ушул сүрөттөн эле байкап, жыйынтык чыгарсак болот. Сырдык сөздөр кандай сезимди билдирет?



Демек, балдар, ушул сүрөттөн эле байкап, жыйынтык чыгарсак болот. Сырдык сөздөр кандай сезимди билдирет?



# Маанисине карата сырдык сөздөр канчага бөлүнөт экен?

| Сырдык сөздөрдүн маанисне карай бөлүнүшү | Сөздөр |
|---|---|
| Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр | |
| Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр | |
| Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр | |

Пай-пай, кокуй, чиркин,кап.

**Ассаламу алейкум, кош-кош**

Күчү-күчү, алдей-алдей, тай-тай.

# Маанисине карата сырдык сөздөр канчага бөлүнөт экен?

| Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү | Сөздөр |
|---|---|
| Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр | Пай-пай, кокуй, чиркин,кап |
| Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр | Күчү-күчү, алдей-алдей, тай-тай. |
| Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр | **Ассаламу алейкум,  кош-кош** |

# Үйгө тапшырма.
# Кандай сезимдерди байкай алдыңар? Сүрөт боюнча текст түзөбүз.







**Сырдык сөздөрдү катыштырабыз.**





